## Редактордон...

Урматтуу окурман! Колунуздагы журнал Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин жыл сайын чыгарылуучу илимий макалалар жыйнагы болуп эсептелет.

Учурда өлкөбүздө диний проблемаларга арналган конференциялардын материалдарынан тышкары аталган маселелер боюнча жарыяланган макалалар, китептер, изилдөөлөр өтө аз. Булардын да көпчүлүгү диний процесске саясий көз карашты чагылдырган материалдар болуп эсептелинет. Ал эми Орто Азиядагы диндердин өнүгүү тарыхына, бул региондогу эң кеңири тараган Ислам дининин ички проблемаларын изилдөөгө, Ислам дининин түрдүү тармактарынын, секталарынын региондогу коомдук өнүгүүгө тийгизген таасирине, диний билим берүү проблемаларына арналган изилдөөлөр жана макалалар жокко эсе. Ошондуктан теология факультетинин бул жыйнагында келечекте ушул багыттагы изилдөөлөргө кеңири орун берилмекчи. Анткени региондогу диндер арасындагы мамилелерди талдоо, ар бир диндин ички проблемаларын, тарыхын изилдөө, түрдүү диний секталардын, агымдардын тарыхын, көз карашын обөективдүү талдоого алуу, калктын диний муктаждыгын, талабын туура канааттандыруунун жолдорун изилдөө коомубуздун өнүгүшүндөгү кээ бир терс көрүнүштөрдү жоюу же алдын алуу багытында өтө маанилүү рол ойноору талашсыз. Биздин пикирибизде ушул маселелерди, дегеле дин теориясын жеткилең билбөө келечекке прогноз жасоого, туура сунуштарды, иш-чараларды иштеп чыгууга чоң тоскоол болмокчу.

Теология факультетиндеги бир топ окутуучулар Түркиядан чакырылган окумуштуулар болгондуктан бул жыйнакта түрк, англис тилиндеги макалаларга да орун берилди. Журналдын бул номеринде негизинен теология факультетинде эмгектенген окутуучулардын макалалары жарыяланып, алар Орто Азиядагы диний процесстин өнүгүү перспективаларына, диндер тарыхына жана диндер аралык мамилелерге, өлкөбүздөгү миссионердик аракеттерге арналган.

Журналдын кийинки сандарында факультетте эмгектенбеген башка авторлордун жалпы гуманитардык багыттагы макалалары да жарыяланмакчы. Ошондуктан кызыккан тараптарды кызматташууга чакырабыз. Бул журнал келечекте диндер теориясы, философиясы жана буга байланыштуу гуманитардык тармактар боюнча татыктуу изилдөөлөрдү чагылдыруучу булакка айланат деп үмүт кылабыз.

Ошондой эле ушул илимий журналды чыгарууга финансылык жардамын көрсөткөн Түркия Диянет Фондуна терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Ош мамлекеттик университетинин
теология факультетинин деканы,
**доцент Авазбек Асанов**